**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
«Эл баасы»
**АККРЕДИТАЦИЯЛЫК АГЕНТТИГИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**АККРЕДИТАЦИОННОЕ АГЕНТСТВО**
«Эл баасы»

**KYRGYSTAN, ACCREDITAION AGENT "ЭЛ БААСЫ"**
**Ош ш., 723500, К-Датка к., 287/30** **287/30, K-Datka Street, Osh, 723500** **г. Бишкек, ул. Киевская, 77/128а**
**Тел.: +996 773 50-00-54** **Phone: +996 777 64-41-21** **Тел.: +996 772 62-89-36**

**Аккредитациялык кеңештин (АК)**
**2020-жылдын 20-ноябрындагы өткөрүлгөн Отурумунун**
**№ 5 ПРОТОКОЛУ**

Отурум Бишкек-Ош
шаарларынын ортосунда
On Line (он лайн)
режиминде өткөрүлдү

Отурумдун протоколунун жалпыланып жазылган негизги жери:
Бишкек шаары, Ч. Айтматов просп., Офис “Ак Кеме” _______,
тел.: 996(770147741); 996772 0777 644121; 996500 (0777) 543468
Отурум Онлайн форматында Zoom (ЗУУМ интернет тиркемеси
аркылуу (аралыктан) уюштурулду.

**Катышты:**

1. Бабакулов Манасбек Бабакулович (Бишкек)
2. Кыштообаев Орозалы Төрөбаевич (Ош)
3. Сопуев Адахимжан Сопуевич.(Ош)
4. Кадыров Артурбек Сайдуллаевич (Ош)
5. Абдалиев Урмат Калмаматовия (Ош)
6. Асилбек к. Жыпара (Ош)
7. Төрөханов Кубаныч Байжигитович (Бишкек)

Онлайн Отурумга Zoom аркылуу (аралыктан) кошулууга сунушталган (маселе даярдаган эксперттик топтордун мүчөлөрү) жана кызыкдар инсандар:

1. **Упенов Айбек Шерипбекович** – ТалМУ ректору,
2. **Жумалиев Самат Субанкулович –** ТалМУ проректору
3. **Каримов Нурлан Тентимишевич** – Ниязалы атындагы Ош музыкалык окуу жайынын директору
4. **Мадиев Сыргак Мамасадыкович-** № 76 КЛ директордун милдетин убактылуу аткаруучу,
5. **Нуркулов Сыярбек Абдураимович-** № 76 КЛ директордун орун басары
6. **Маматов Эрнист Кудайкулович –** № 77 КЛ директор,
7. **Акматов Болотбек Абдибаитович-** № 77 КЛ өндүрүштүк окуу боюнча директордун орунбасары
8. **Акматов Абдыганы -** №68 КЛ директордун орун басары,

Аккредитациялык кеңештин төрагасы **М.Бабакулов** онлайн (ЗУУМ интернет тиркемеси боюнча) отурумдун катышуучуларына кайрылып, саламдашып, отурумду өткөрүүгө кворумдун жетиштүү экендигин айттып, аккредитациялык кеңештин мүчөлөрү менен макулдашкандан соң, отурумду ачык деп жарыялады. Отурумдун күн тартибин долбоору менен тааныштырып, аны бекитүүдөн мурда маселелерди каттоонун тартибине өзгөртүү киргизүүнү ортого салды.

Ал Отурумдун башталышында, биринчи маселе катары жогорку окуу жайларынын аккредитациясын, ал бүткөндөн кийин орто окуу жайларынын, кийин кесиптик лицейлердин маселелерин кароону сунуштады. Айтылган сунушту Отурумдун катышуучулары туура көрүп, күн тартиби өзгөртүүлөр менен, бир добуштан колдоого алынды.

Ошондой эле, отурумда карала турган маселелер боюнча "Эл баасы" АА директору М.Бабакулов отурумдун мүчөлөрүнө аккредитациялоо боюнча каралып жаткан: жогорку, орто жана башталгыч кесиптик билим берүү уюмдары жана программалары мурда да каралганын, Пандемияга (ЧП, ЧС, карантин) байланыштуу "шарттуу түрдө" бул окуу жайларынын мурдагы аккредитациясы узартылганын айтты. Биринчи этапдагы аккредитациялоодо бул окуу жайларынын Өзүн-өзү баалоо отчетторуна гана анализ жасалган, 2020-жылдын июнь айында онлайн түрүндө жүргүзүлгөн аккредитациянын максаты, чукул абалды чечүү, 2019-2020 окуу жылынын бүтүрүү процессин уюштурууга өз учурунда шарт түзүп берүү болгон, ошондуктан, 2020-жылдын 1-октябрына чейинки мөөнөткө аккредитациядан өттү деп эсептелсин деген чечим негизинде буйруктар чыгарылып окуу жайдын жетекчилигине жөнөтүлгөндүгү жөнүндө маалымат берди.

**Күн тартибинин 1/3 маселеси**

**Кадам-Жай районундагы № 72 кесиптик лицейи ишке ашырылып жаткан баталгыч жана кошумча кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоонун жыйынтыктары жөнүндө**

**1. УГУЛДУ:** Эксперттик комиссиянын төрагасы Жороев Атабек Митаевичтин баяндамасы (ОшМунун Физика-техника факультетинин Энергетика кафедрасынын улук окутучусу)

Төрага өзүнүн сөзүндө «Эл баасы» ААнин 2020-жылдын 14-ноябрынын №54 буйругунун негизинде 17-18-ноябрь күндөрү №72 Кесиптик лицейдин ишмердүүлүгү аккредитациялоодон өткөрүлгөнүн айтып, эксперттик комиссиянын сапаттык курамын таныштырды. Аталган Кесиптик лицейде ишке ашырылып жаткан башталгыч жана кошумча кесиптик билим берүү программаларына кыскача мүнөздөмө берди:. окуучулардын билим берүү программалары боюнча саны, лицейдин окуу-методикалык жана материалдык-техникалык базаларына, стандарттардагы критерийлердин аткарылышы боюнча маалыматтар менен тааныштырды. Окуу жайынын билим берүүгө уруксат документтери (лицензиялары, санитардык-эпидемиологиялык жана өрт коопсуздугу боюнча көзөмөл органдардын документтери) жөнүндө айтып өттү.

Сырттан (эксперттик) баалоо комиссиянын курамы төмөнкүдөй:

| № | Аты- жөнү | Негизги иштеген уюму жана кызмат орду | Эксперттик комиссиянын курамындагы кызматы |
|---|---|---|---|
| 1 | Жороев Атабек Митаевич | ОшМунун Физика-техника факультетинин Энергетика кафедрасынын улук окутучусу | Комиссиянын төрагасы |
| 2 | Маразаков Шавкат Адылбекович | ОшМУнун STEM колледжинин улук окутуучусу | Комиссиянын мүчөсү |
| 3 | Балтабаева Турнахон Турдубековна | Т. Кулатов атындага Кыз-Кыя Тоо - техникалык инновация жана экономика колледжде окутуучу | Комиссиянын мүчөсү |
| 4 | Асилбек кызы Жыпара | "Эл баасы" АА нин директорунун орун басары | Аккредитациялоону уюштуруучу |

Уюштуруу-укуктук формасы: Мекеме.
Менчиктин түрү: Мамлекеттик.
Билим берүү мекемеси: Баткен облусу, Кадамжай району, Совет айыл аймагы, Комсомол көчөсү, № 6
Каттоо күбөлүгү: Каттоо номери- 73470-3306-У-е, Серия ГПЮ № 0024997 менен 16.11.2017-жылы катталган (1-тиркеме)

Аталган окуу жайынын жетекчилигинин арызына ылайык төмөнкү билим берүү программалары (адистиктери) программалык аккредитациялоодон өткөрүлгөн:

| № | Аккредитацияланууч башталгыч кесиптик билим берүү программалары (кесиптери) | |
|---|---|---|
| | Шифр | Аталышы |

| | | |
|---|---|---|
| 1. | 7212, 8322 | “Электр газ менен ширетүүчү, “С” категориясындагы автоунаа айдоочу” |
| 2. | 8263 | Тигүү жабдууларынын оператору |
| | | **Кошуча кесиптик билим берүү программалары (кесиптери)** |
| 3. | | “В” жана “С” категориясындагы автоунаа айдоочу |

Окуу жайы ушул кесиптер боюнча аталган отчетто көрсөтүлгөн кесиптик билим берүү программаларын (кесиптерин) жана аларды ишке ашыруунун шарттарын иликтенгендигине токтолду.

Баяндамачы окуу жайындагы жетишкендиктер менен бирге кемчилдиктер да бар экендигин белгилеп, бирок жогорку аккредитацияланууучу кесиптер боюнча берилген маалыматтын эксперттердин отчетунда толук берилгендигин айтты (тиркемелери менен Эксперттик отчеттор тиркелет). Ал бул аталган билим берүү программаларынын (кесиптеринин) **Алсыз жактары катары** төмөнкүлөрдү белгиледи:

- Жумуш берүүчүлөр, ата-энелер жана бүтүрүүчүлөрдү мониторингдерге жана билим берүү программаларын талкуулоого жеткиликтүү катышпоосу;
- Окуу жайдын спорт залы жоктугу;
- Актылык залдын тардыгы;
- Жатканада жуунучу бөлмөнүн жоктугу, абалынын начардыгы;
- Электр газ ширетүүчү мастерскойдун жана автодромдун тиешелүү шарттарынын жоктугу;
- Атайын сабактар боюнча мамлекеттик тилдеги адабияттардын жетишсиздиги;
- Окуучулар үчүн академиялык мобилдүүлүк программалары толук кандуу иштей электиги;
- Окуу методикалык куралдардын жана окуу китептердин кыргыз тилинде аздыгы;
- Электрондук китепканасынын жоктугу;
- Ашканадагы орундардын жетишсиздиги;

**Жыйынтыктоо:** Эксперттик комиссиянын төрагасы катары комиссиянын мүчөлөрү даярдаган төмөнкү сунуштарды окуп берди. (сунуштар өзүнчө тиркелет):

- *Билим берүү сапатын камсыздоодо кызыкдар тараптар менен иш алып барууну системалаштыруу;*
- *Билим берүү программасынын максаттарын жана күтүлүүчү натыйжаларын мсиссияга жана стратегиялык пландарга ылайык иштеп чыгуу сунушталат;*
- *Билим берүү программаларын иштеп чыгууда кызыкдар тараптардын катыштырууну системалаштыруу сунушталат;*
- *Жумуш берүүчүлөрдү, ата-энелерди жана бүтүрүүчүлөрдү мониторингдерге жана билим берүү программаларын талкуулоого катыштыруу активдештирүү;*
- *Баалоочу адамдардын (экзаменаторлордун) окуучунун билимин текшерүүнүн усулдарына ээ болушу жана бул тармакта квалификациясын дайыма жогорулатуусу боюнча атайын семинарларды катышууну системалаштыруу сунушталат;*
- *Бардык сабактардан баалоонун чен-өлчөмдөрү менен усулдарын окуучуларга жана кызыкдар таптарга жеткиликтүүлүгүн камсыздоо максатында сайтка жарыялоосу сунушталат;*
- *Академиялык мобилдүүлүк иштерин системалаштыруу жана аны ишке ашыруу сунушталат;*

- *Атайын предметтер боюнча колледждин окутуучулары тарабынан окуу-усулдук колдонмолор менен камсыздоо иштерин күчөтүү;*
- *Окуу жайдын спорт зал маселесин 2023-жылдын 31-декабрына чечүү;*
- *Актылык залдын шарттарын жакшыртуу 2021-июнь айына чечүү;*
- *Жатаканада жуунучу бөлмө менен камсыздоо иштери 2021-жылдын сентябрь айына чечүү;*
- *Электр газ ширетүүчү мастерскойдун шарттарын жакшыртуу;*
- *Автодромду тиешелүү шарттар менен камсыздоо;*
- *Лицейде окуу процессин жүргүзүүнү автоматташтырылган маалыматтык система менен камсыз кылуу;*
- *Окуу жай тууралуу маалыматтардын жалпы коомчулукка жеткирүү максатында массалык маалымат каражаттарына жарыялап туруу;*
- *Маалыматтарды сайтка жайгаштуруу иштерин күчөтүү;*

Окуу жайдын ишмердүүлүгүн жана окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн Эксперттик комиссиянын сунуштарын жана кемчилдиктерин окуу жайдын жетекчилиги эске алуу менен, ошондой эле, бир жылдан кийин (2021-жылдын ноябрь-декабрь айы) мониторинг жүргүзүү, эгер көрсөтүлгөн кемчиликтер жоюлбаса, берилген аккредитацияны кайра артка чакырып алуу шарты менен 5 жылга (2025-жылдын июнь айына) аккредитацияланды деген сертификат берүүнү сунушталат.

Баяндамачыга АС тин мүчөлөрү Бабакулов М., СопуевА.С., Сариева И.К., жана О. Кыштообаев суроолорду беришип, тиешелүү жоопторду алышты.

**ЖАРЫШ СӨЗГӨ ЧЫГЫШТЫ:**

**Сопуев А. с**өз алып**,** ЭКнын №72 Кесиптик лицейдин ишмердүүлүгүн жана окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн ЭКнын сунуштарын кесиптик лицейдин жетекчилиги эске алуу менен көрсөтүлгөн мөөнөттөргө чейин ишке ашырып, аткарылгандыгы жөнүндө ААга кабарлоо милдеттендирилет жана эксперттик комиссия кесиптик лицейинин сунуштаган башталгыч жана кошумча кесиптик билим берүү программаларына мындан ары билим берүү процессин жүргүзүүдөгү аралыктан окутуу, практика иштеринин жүрүшү боюнча тастыкталган электрондук портфоля болуш керек экендигин, ошону менен бирге окуучулардын практикалык билим сапатын жакшыртуу максатында, электр газ ширетүүчү мастерскойдун жана автодромдун тиешелүү шарттардын түзүлүшүн айтып, өзүнүн оюн жыйынтыктады.

**Кыштообаев О.** сөз алып, айрым кесиптик лицейлерде өздүк сайттары, интернет менен байланыштары жок экендигин айтып, учурда бул маселе, окуу процесси аралыктан жүргүзүлүп жаткандыктан, көйгөйлүү маселе болуп жатканыны айтты. Окуу натыйжалуулугуна жетишүү үчүн Гугл, МИТ, ЗУУМ программаларынын пайдасы чоң экендигин айтып ойун жыйынтыктады.

**Сариева И.К**. Сөз алып, жогорку кеситештеринин сунушун колдоорун жана АКтин чечиминин долбоорун добушка коюуну сунуштады.

№72 Кесиптик лицейде ишке ашырылып жаткан башталгыч кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоодон өткөрүү боюнча эксперттик комиссиясынын отчетун карап, талкуулап, Аккредитациялык Кеңеши

**чечим кылат:**

**1.** №72 кесиптик лицейинде ишке ашырылып жаткан төмөнкү башталгыч жана кошумча кесиптик билим берүү программалары 5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоодон өттү деп эсептелсин:

| Шифр | **Башталгыч кесиптик билим берүү програмаларынын аталышы** |
|---|---|
| 7212, 8322 | Электр газ менен ширетүүчү “С” категориясындагы автоунаа айдоочу |
| 8263 | Тигүү жабдууларынын оператору |
| | **Кошумча кесиптик билим берүү програмаларынын аталышы** |
| | “В” жана “С” категориясындагы автоунаа айдоочу” |

2. Аталган билим берүү уюмуна 2025-жылдын июнуна чейин мамлекеттик үлгүдөгү документ берүү укугуна ээ деген сертификат берилсин.

3. Окуу жайынын жетекчилиги тиркемеге ылайык, эксперттик комиссия көрсөткөн кемчиликтерди жана Аккредитациялык кеңеш белгилеген сунуштарды колго алуу боюнча иш чаралардын План-графигин түзүп, аларды жоюу боюнча уюштуруу иштерин жүргүзсүн.

4. Аталган окуу жайынын жетекчилигине “аккредитациялоодон кийинки окуу жайдын ишмердүүлүгүнө мониторинг” жүргүзүп туруу боюнча “Эл баасы” аккредитациялык агенттиги менен 2020-жылдын 30-декабрына чейин “келишим” түзүү милдеттендирилсин.

5. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Агенттиктин директорунун орун басары Асилбек кызы Жыпарага тапшырылсын.

*(Эксперттик комиссиянын кыскача корутундусу жана кетирилип жаткан кемчиликтерди жоюу боюнча сунуштары тиркелет)*

Чечимдин долбоору колго салынды:

макул - 7
каршы - 0;
калыс - 0.

Чечим кабыл алынды.

Кадамжай районундагы №72 Кесиптик лицейин программалык аккредитациялоо боюнча эксперттик отчетуна

**Тиркеме**

## Сырттан (эксперттик) баалоо комиссиясынын жана Аккредитациялык кеңештин сунуштары

- Кесиптик лицейдин Миссиясын, окуу жайынын “Педагогикалык кеңешинде” талкуулап, аны протоколдоштурууну, ошондой эле, келечекте Миссияны окуу жайынын ”Уставына” киргизүүнү 2021-2022 окуу жылынын башталышына чейин бүтүрүү зарыл;
- Окуу жайынын сайтына, окуу жайынын Миссиясын, ага жараша максатын жана милдеттерин жайгаштырууну 2021-2022 окуу жылынын башталышына чейин бүтүрүү зарыл: бул маалыматты коомчулук окуп билип туруусу керек.
- Региондо жашаган граждандарга маалымат жеткирип туруу үчүн, жок дегенде жылына бир жолу жергиликтүү гезиттерге лицейде ишке ашырылып жаткан ар бир кесип, анын ичинен, “автоунаа айдоочусу” кесиби боюнча макалаларды жарыялап туруу сунушталат.
- Лицейдин материалдык-техникалык базасын жана окутуучулук курамын эффективдүү пайдалануу, тиешелүү каражаттарды үнөмдөө максатында, акы төлөп окутууну, айрыкча, “автоунаа айдоочу” кесибине окутууну жакшыртуу, керек болсо, анын лицензиясындагы чектелген санын көбөйтүү сунушталат.
- Окуу жайынын жетекчили окуучулардын билимин баалоо боюнча семинарларды уюштуруу, мугалимдердин жоопкерчилигин жана чеберчилигин жогорулатуу максатында, алардын ишмердүүлүгүн чагылдырган дубал гезиттерин жана буклеттерди даярдап, жылына жок дегенде эки жолудан чыгарып туруу сунушталат.
- Ал бир кесипке окутуу боюнча жыл сайын “Окуу планын” түзүүдө, “жумуш берүүчүлөрдүн” өкүлдөрүн катыштырууну колго алуу: “Окуу планынын” сапаты талкууланган чогулушта, алардын атынан айтылган сунуштарды чогулуштун Протоколуна жазууну, ошондой жол менен, билимдин сапатын жакшыртуу боюнча бирге иштегендикти далилдөөнү колго алуу зарыл.
- “Окуу планын” ишке ашыруу багыты боюнча уюштурулган шарттарга жылына эки жолудан кем эмес мониторинг жүргүзүү, анын жыйынтыгын анализдөө жана кетирилип жаткан кемчиликтерди жоюу боюнча кошумча иш чараларды уюштурууну “жумуш берүүчүлөр” менен бирге жүргүзүү зарыл. Бул багыттагы аткарылган иштер далилдүү болушу үчүн, ал иш чаралардын аткарылышын протоколдоштуруу сунушталат.
- Окуучуларды шыктандыруучу, алардын билимин жана кесиптик шык-жөндөмүн, инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө таасир этүүчү кээ бир факторлор боюнча (сыйлоо, материалдык–моралдык колдоо усулдары) жылына эки жолудан кем эмес атайын иш чараларды уюштуруу максатка ылайык.
- Атайын сабактар боюнча мамлекеттик тилдеги окуу китебин, сабак берген мугалим жок дегенде 3 жылда бир жолу жаңылоосу максатка ылайык.
- Ал эми, электрондук китепкананы уюштуруу, учурдун талабы экендигин ар бир мугалим билүүсү жана турмушка ашырууга кол кабыш кылуусу зарыл.
- Окуучулардын жатаканасы да көңүл бурууну талап кылат: сыйымдуулугу, санитардык абалы ж.б.